КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ **ОШ ОБЛУСУ** **АЛАЙ РАЙОНУ** **“ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ” МЕКЕМЕСИ**		**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА** **ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ** **АЛАЙСКИЙ РАЙОН** **УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛ ОКМОТУ ЖИБЕК-ЖОЛУНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”**

Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышынын 2026-жылдагы кезектеги II отуруму

ТОКТОМ
№ 2/1

27-январь 2026-жыл. Согонду айылы

Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы, 2025-жылдын бюджети боюнча маалымат, 2026-жылдын бюджетин бекитүү жана 2027-2028-жылдарга жергиликтүү бюджеттин болжолдуу планын бекитүү жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын 20.12.2021-ж “Жергиликтүү мамлекеттик админстрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 мыйзамынын 34-беренесине ылайык Жибек-Жолу айылдык Кенешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Нурмамат уулу Мухамбеддин жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Камиловдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап 22.01.2026-жылдагы №01 протоколунун негизинде Жибек-Жолу айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жибек-Жолу айыл өкмөттөрүнүн 2024-жылга жергиликтү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы - 49306,9 миң сом, анын ичинен теңдештирүүчү трансферт-31394,0 миң сом, өздүк киреше - 12111,4 миң сом, анын ичинен атайын каражат - 2581,1 миң сом (өткөн жылдан калган калдык - 3068,5 миң сом, анын ичинен атайын каражат - 254,2 миң сом), республикалык бюджеттен берилген максатуу трансферттер - 2578,9 миң сом жана чыгаша бөлүгү - 42898,4 миң сомго бекитилсин.
2. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2025-жылга карата киреше бөлүгү - 58008,2 миң сомго анын ичинен өткөн жылдан калган калдык - 6408,5 миң сом, атайын каражаттан өткөн жылдан калган калдык - 368,8 миң сом, теңдештирүүчү трансферт-33773,4 миң сом, өздүк киреше - 14088,3 миң сом (анын ичинен атайын каражат - 3337,8 миң сом), республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке берилүүчү максатуу трансферттер - 3369,1 миң сом жана чыгаша бөлүгү - 57488,3 миң сомго аткарылышы боюнча маалымат жактырылсын.
3. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2026-жылга карата киреше жана чыгаша бөлүгү - 50074,0 миң сомго бекитилсин, анын ичинен теңдештирүүчү трансферт - 29720,7 миң сом, өздүк киреше - 20353,3 миң сомго белгиленсин, анын ичинен атайын каражаттын киреше жана чыгаша бөлүгү - 3600,0 миң сом. Бир балага бир айлык тамак-аш үчүн айына ата-энелерден төгүлүүчү мүчөлүк акы 1,1 миң сомго белгиленсин.

4. Жергиликтүү бюджеттен субсидия беренесине (ст.2511) 1337,0 миң сом акча каражаты каралып,“Биримдик Сервис” муниципалдык ишканасын жергиликтүү бюджеттен колдоо үчүн каржылоого жумшалсын. Бекитилип берилген акча каражатын сарамжалдуу жана мыйзам чегинде иштетүү муниципалдык ишкананын жетекчилигине жүктөлсүн.

5. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2027-жылга карата болжолдуу планы - 52421,0 миң сомго анын ичинен теңдештирүүчү трансферт - 29720,7 миң сом, өздүк киреше - 22700,3 миң сом (анын ичинен атайын аражат-3600,0 миң сом), 2028-жылга карата болжолдуу планы - 54987,0 миң сомго анын ичинен теңдештирүүчү трансферт - 29720,7 миң сом, өздүк киреше - 25266,3 (анын ичинен атайын аражат-3600,0 миң сом) миң сом бекитилип, мыйзам чегинде толуктоолор жана өзгөртүүлөрдү киргизүү менен кабыл алынсын.

6. Жергиликтуу жана Республикалык бюджетен берилүүчү акча каражаттарын чыгымдоону жыл ичинде өз максатында, сарамжалдуу пайдалануу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тиешелүү кызматкерлеринен, бардык билим берүү жана маданият тармагынын мекемелеринин жетекчилеринен талап кылынсын, ошондой эле аны көзөмөлдөө өкмөтүнүн башчысы Т.Камиловко жана ФЭБ башчысы Б.Мамановко тапшырылсын.

7. Ушул токтомун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Камиловко милдеттендирилсин

Төрага **Б. Ж. Артыков**